| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>БОЛОТ МАМБЕТОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АИЛЬНОГО АЙМАКА<br>БОЛОТА МАМБЕТОВА** |

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 27-августу №39** **Төрт-Күл айылы**

**Токтомдордун күчүн жокко чыгаруу жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерине ылайык Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин мандат, закондуулук, мыйзамдуулук, мамлекеттик жана коомдук тартипти сактоо, этика жана диний иштер боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 25-августундагы корутундусунун негизинде Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Мурунку Төрт-Күл айылдык кеңешинин 2023-жылдын 22-февралындагы №20 токтому, Мурунку Төрт-Күл айылдык кеңешинин 2023-жылдын 26-сентябрындагы №2 токтому, Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин 2024-жылдын 11-сентябрындагы №55 токтому, Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин 2025-жылдын 3-февралындагы №39 токтому жана Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин 2025-жылдын 15-августундагы №81 токтому күчүн жоготту деп табылсын.

2. Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облусттук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин мандат, закондуулук, мыйзамдуулук, мамлекеттик жана коомдук тартипти сактоо, этика жана диний иштер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Жергиликтүү кеңештин төрагасы** **М.Ж.Жунушалиев**